# ИЙРИ-СУУ НЕГИЗГИ МЕКТЕБИНДЕ
# ЭЛЕКТРОНДУК ОКУУ КИТЕПТЕРИ ЖАНА АЛАРДЫ МЕКТЕПТИН ОКУУ ПРОЦЕССИНДЕ КОЛДОНУУ ЖОЛДОРУ

Бүгүнкү күндө илимий-техникалык прогресс адамдын ишмердүүлүгүнүн ар кайсы тармагында информациялык жана коммуникациялык технологияларды жайылтуу менен квалификацияны дайыма жогорулатып туруу зарылчылыгын билим берүүнү информациялаштыруу шартында окуучуларга билим берүүгө карата жаңы талаптарды коюп жатат. Билим берүүнү информациялаштыруу мезгилинде приоритеттүү багыттардын бири катары инсандын өнүгүүсүнө жана өзүн-өзү көрсөтө алуусуна дагы көбүрөөк мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кыла турган формаларды, ыкмаларды жана окутуунун каражаттарын издөө, ошондой эле информациялык-коммуникациялык технологияларды колдонуу менен окуу ишмердүүлүктү уюштурууга жөндөмдүү, компетенттүү окуучуну окутуп тарбиялоо бүгүнкү күндүн талабы.

Окумуштуулардын изилдөөлөрүндө информациялык — комуникациялык технологиялык каражаттарын, анын ичинде электрондук билим берүүчү ресурстарды, атап айтсак электрондук окуу китебин колдонуу информациялык ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууга түрткү берет. Окуу-тарбия процессин информациялык — методикалык жактан камсыз кылуунун негизинде информациялык өз ара аракеттенүү мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Окуучулардын өз алдынча электрондук окуу китептерди пайдалануусу окутуунун индивидуалдаштырууну мындан да жогорку деңгээлде камсыз кылууга, окутуунун ыкмаларын жана формаларын өзгөртүү менен, окуучулардын өз алдынча иштөөсүнүн практикалык билимин жана көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн шарт түзөт.

Ар бир мектеп окуучусу бүгүнкү күнү маалымат технологиялары (жада калса жеке чөнтөк телефону) аркылуу информацияларды алып, замандан артта калган жок. Бүгүнкү күндө мектеп программасындагы информацияларды да жеке өздөрү өздөштүрүүсү үчүн колдонууга шарт түзүп берүү, мугалим, ата-эне, окуучу үчүн да бирдиктүү иш жүргүзүү абзел. Ошондуктан балдарды сабакка кызыктыруу жөнүндө ой-жүгүртүүдө билим берүү максаттарын гана эмес, алардын жеке керектөөлөрүн эске алуу керек. Окуучуну окууга кызыктыруудагы окутуучунун колундагы эң кубаттуу курал — бул окуучуну өз алдынчалыкка иштетүүнү билүү зарыл.

Мындан сырткары, класстагы бардык окуучуларды кантип кызыктыруу керек? Аларга качан кызыктуу болорун кантип түшүнөбүз? Мугалим катары биз, мектептеги билим берүү балдарды окууга, жазууга, оюн баяндоого, креативдүү ой жүгүртүүгө, аң-сезимдүү, жашоого жөндөмдүү, замандын тапкыч жана активдүү жарандарын даярдайт .

Окуучуларды билим алууга кантип кызыктыруу керектиги жөнүндө ой-жүгүртүү алардын окууга болгон ички ынтызарлыгын  күчөтүү керектигин түшүнүү керек.Окууга кызыктыруу — демек, окуучуларга жигерленүү жана чыгармачыл болуу мүмкүнчүлүгүн берүү. Алардагы кызыгуунун деңгээлин көтөрүү менен бирге предметтерге жана окутууга бүтүндөй кызыктырганда гана алга жылат.

Айрыкча пандемиянын шартында дистанттык же аралыктан окутууда мугалимдер милдеттүү түрдө санариптик технологияларды колдонууну үйрөнүүсүн учур талап кылды.  Өзүбүз  окуучулар менен, алардын ата-энелери менен, жакын адамдарыбыз менен деги эле бүтүндөй дүйнө менен да башкача баарлашуу керек.

Компьютерде тапшырманы кызыгуу менен аткарган көп эле окуучулар бар. Ошондуктан, санариптик технологиялар эми окутуучунун жардамчысы экендиги тууралуу ой менен макул келип, аны ар бир предметтик мугалим өздөштүрүүсү зарыл экендигин түшүнүп турабыз. Бирок, анын жардамы менен окутуу кызыктуу, жеткиликтүү жана көрсөтмөлүү болуу үчүн ар бир окутуучудан ийкемдүүлүктү, реакциясынын тездигин жана жаңы билимдер талап кылынат.

Ийри-Суу мектебинин окуучулары да электрондук китептерди "Электрондук күндөлүктөн" алып окушат.Ошондой эле мугалимдер жамааты арасында  методикалык китептерди электрондук түрдө колдонгон жаш мугалимдер бар. Сабак өтүүдө да кошумча материалдарды электрондук китепканалардан алуу менен бирге өз билимдерин өркүндөтүүнүн үстүндө иштерди алып барышат.

Айталы, отличник болууга такыр жакындабаган бала бүгүнкү күндөгү технологияны колдонуу боюнча алдына ат салдырбашы мүмкүн, эгерде мугалим ага ачылууга жана өз ийгиликтерин көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк бербесе, анда ал мындай баланын билим боюнча керектөөлөрүн канаттандырбай жатат. Эгерде мугалим сабакта санариптик технологияларды колдонуудан этияттанса же коркуп жатса же аларды өз планына киргизе албаса жана пайдаланууну каалабаса, демек мындай мугалимдер окуучуларды окууга кызыгуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыраткан болот.

Электрондук окуу китеби деген эмне? …

«Электрондук китеп» термини англис тилинин «Electronic Book» деген сөзүнөн келип чыккан жана бүгүнкү күндө электрондук китептин кыскартылышы катары e-Book деп көп колдонулат.

Дневник

Мой класс


Книги

Сайт школы

Мой профиль

Помощь

Выйти




Скачать

| | |
|---|---|
| Автор | Моро |
| Описание | - |
| Год | 2012 |
| Язык | Русский |
| Классы | 2 классы |
| Предмет | - |
| Для школы | Да |
| Ссылка для просмотра | https://kundoluk.edu.kg/books/view/3 |

## Русский язык 5 класс




Скачать


| | |
|---|---|
| Автор | Л. М. Бреусенко, Т. А. Матохина |
| Описание | - |
| Год | 2018 |
| Язык | Русский |
| Классы | 5 классы |
| Предмет | Русский язык |
| Для школы | Да |
| Ссылка для просмотра | https://kundoluk.edu.kg/books/view/3 |
| Ссылка | |

Русский язык 5 класс




Скачать

| | |
|---|---|
| Автор | Л. М. Бреусенко, Т. А. Матохина |
| Описание | - |
| Год | 2018 |
| Язык | Русский |
| Классы | 5 классы |
| Предмет | Русский язык |
| Для школы | Да |
| Ссылка для просмотра | https://kundoluk.edu.kg/books/view/3 |
| Ссылка | |




Скачать

| | |
|---|---|
| Автор | А.Муратова. Р.Асакеев. Б.Кыдырбаева |
| Описание | Кыргыз класстар үчүн |
| Год | 2018 |
| Язык | Кыргызский |
| Классы | 5 классы |
| Предмет | кыргыз адабияты |
| Для школы | Да |
| Ссылка для просмотра | https://kundoluk.edu.kg/books/view/1 |
| Ссылка | |

# ИЗОБРАЗИТЕЛЬНО-ХУДОЖЕСТВЕННОЕ ТВОРЧЕСТВО 5 класс




Скачать

| | |
|---|---|
| Автор | Д. А. Акматов, А. К. Орозобаев |
| Описание | - |
| Год | 2018 |
| Язык | Русский |
| Классы | 5 классы |
| Предмет | ИХТ |
| Для школы | Да |
| Ссылка для просмотра | https://kundoluk.edu.kg/books/view/9 |


И. Н. Цыбуля, Л. А. Самыкбаева, А. А. Беляев,
Н. Н. Осипова, У. Э. Мамбетакунов
ИНФОРМАТИКА
7–9
Python

Скачать